**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Кыргыз Республикасынан минералдык жер семирткичтерди Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынын чегинен тышкары ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө” токтом долбооруна**

**НЕГИЗДЕМЕ - МААЛЫМКАТ**

1. **Максат жана милдет**

Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнө таасир этүүчү негизги факторлорлун бири топурактын асылдуулугу, ал эми анын асылдуулугун жогорулатуунун эффективдүү ыкмасы минералдык жер семирткичтерди оптималдуу ченемде чачуу болуп саналат.

Кыргыз Республикасына жыл сайын дыйкандардын керектөөсүнө жана сатып алуу жөндөмдүүлүгүнө жараша минералдык жер семирткичтердин төмөнкү түрлөрү импорттолот: азот, фосфор жана калий.

2023-жылы жалпы айдоо аянты 1232,0 миң гектарды түзөт, бул 2022- жылга салыштырмалуу 5,8 миң гектарга көп. Ошол эле учурда республиканын минералдык жер семирткичтерге болгон жылдык муктаждыгы 2023-жылы 286,0 миң тоннаны түзөт. Бул 2022-жылга салыштырмалуу 1,9 миң тоннага көп.

Жыл сайын жазгы талаа жумуштарына республикага 30,0 - 40,0 миң тонна минералдык жер семирткичтер алынып келинет.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин аймактык түзүмдөрүнүн жана жергиликтүү фермерлердин маалыматына ылайык акыркы жылдары минералдык жер семирткичтерди керектөө мезгилинде уюшулган топтор пайда болуп минералдык жер семирткичтерди алып сатуу менен алектенишип, ташып келүүдө айыл чарбасына реалдуу коркунуч туудурат.

Жер семирткичтер менен камсыз кылуу боюнча өзгөчө оор кырдаал жазгы талаа жумуштары башталганга чейин пайда болот, анткени күзгү-кышкы мезгилде даярдалган жер семирткичтердин стратегиялык запасынын чоң көлөмү Тажикстан Республикасына реэкспорттолот.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтом долбоорунун максаты республиканын айыл чарбасын жазгы талаа жумуштарын жүргүзүү мезгилинде минералдык жер семирткичтер менен өз убагында жана толук камсыздоо үчүн, аларды Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынан тышкары Кыргыз Республикасынан ташып чыгууга убактылуу тыюу салууну киргизүү зарыл. Аталган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтом долбоору ушул максатта иштелип чыкты.

**2. Баяндоочу бөлүгү**

Кыргызстанга минералдык жер семирткичтерди Өзбекстан

Республикасынан ташып келүү Кыргыз Республикасынын жана Өзбекстан Республикасынын Өкмөттөрүнүн ортосундагы 2017-жылдын 5-октябрында түзүлгөн минералдык жер семирткичтерди ташып келүү жаатында кызматташуу жөнүндө Макулдашуунун негизинде жүргүзүлөт. Жылдык квота боюнча ташып келүү көлөмү 100,0 миң, тоннаны түзөт, анын ичинен 60,0 миң, тоннасы жаз-жай мезгилинде, калган 40,0 миң, тоннасы күз - кыш мезгилинде ишке ашырылат.

Мындан тышкары, жалпы камсыздоонун 30 - 35 % Россия Федерациясынан жана Казакстан Республикасынан жүргүзүлөт.

Жыл сайын, жазгы талаа иштерин жүргүзүү жана республиканын айыл чарбасын өз убагында камсыз кылуу үчүн күз-кыш мезгилинде республикага ташып келүүчүлөр тарабынан 30,0 - 40,0 миң, тоннага чейин минералдык жер семирткичтер ташылып келинет. Себүү иштери башталганга, же 1-мартка чейин стратегиялык запасы кеминде 45,0 - 50,0 миң, тонна минералдык жер семирткич болушу керек.

Жер семирткичтерди ташып келүүнүн мындай графиги дыйкандарды жер семирткичтер менен толук камсыз кылышы керек, бирок иш жүзүндө түштүк аймактарда талаа иштери башталганга чейин эле алар Тажикстан Республикасына экспорттолуп, минералдык жер семирткичтер өзүбүзгө жетишпей калат. Мындай кырдаал товарларды коңшу өлкөгө эркин ташуунун аркасында болушу мүмкүн. Тажикстан Республикасында жазгы талаа жумуштарынын башталышы Кыргызстанга караганда эрте башталгандыктан жана коңшу республикада минералдык жер семирткичтерге суроо-талап жогору жана кымбат болгондуктан, алып сатуучулар жер-жерлерден жер семирткичтерди сатып алып, кайра республикадан сыртка сатышат.

Айыл чарба министрлигинин аймактык түзүмдөрүнүн жана жергиликтүү дыйкандардын маалыматы боюнча, акыркы жылдары республиканын түштүк аймагында жер семирткичтер, күйүүчү-майлоочу материалдар жана запастык бөлүктөр менен камсыз кылуу боюнча коркунуч жаратуучу, жер семирткичтерди, мунай заттарын жана башка айыл чарба товарларын алып сатуучулардын тобу түзүлүп, алардын ишмердүүлүгү айыл чарбасына реалдуу коркунуч туудуруп жатат.

Жер семирткичтер менен камсыздоодо өзгөчө оор кырдаал жазгы талаа жумуштары башталганда келип чыгат, анда күзгү-кышкы мезгилде жыйналган минералдык жер семирткичтердин стратегиялык запасы ири көлөмдө Тажикстанга түштүк, ошондой эле түндүк аймактардан реэкспорттолуп турат.

Газ жана мунай заттарынын баалары жогорулагандыгына байланыштуу 2023-жылы Россия Федерациясынын, Өзбекстандын, Казакстандын жана Түркмөнстандын заводдорунда минералдык жер семирткичтерди өндүрүүнүн өздүк наркынын жогорулашы күтүлүүдө, бул өз учурунда өндүрүлгөн минералдык жер семирткичге болгон

бааны жана камсыз кылуу абалын курчутат деп божомолдонууда.

Белгилей кетүүчү нерсе, бардык коңшу республикаларда жазгы талаа жумуштарын жүргүзүү мезгилинде ички рынок канykканга чейин жер семирткичтерди мамлекеттердин чек араларынан тышкары эркин сатуу убактылуу чектелет, буга Эл аралык келишимдер жана макулдашуулар кирбейт.

Кыргыз Республикасында минералдык жер семирткичтерди өндүрүүчү заводдор жок экендигин жана кыш-жаз мезгилинде ташылып келинген көлөмдүн бардыгы жазгы талаа иштерин ийгиликтүү өткөрүү үчүн зарыл болгон жер семирткичтердин стратегиялык запасын түзүүгө жана сактоого багытталгандыгын эске алуу менен, минералдык эмес жер семирткичтердин башка түрлөрүн кошпогондо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзит менен өтүүчү минералдык жер семирткичтерди коңшу республикаларга экспорттоого убактылуу сезондук чектөөлөрдү киргизүү талап кылынат.

ЕАЭБ жөнүдө келишимдин 29-беренесине ылайык, товарлардын өз ара соодасында ЕАЭБдин мүчөлөрү чектөөлөр зарыл болгон төмөнкү учурларда аларды колдонууга укуктуу (эгер мындай чаралар негизсиз басмырлоонун же сооданы жашыруун чектөөнүн каражаты болбосо):

- адамдын өмүрүн жана саламаттыгын сактоо;
- коомдук моралды жана укуктук тартипти коргоо;
- айлана чөйрөнү коргоо;
- жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү, маданий баалуулуктарды коргоо;
– эл аралык милдеттенмелерди аткаруу;
- мүчө мамлекеттин коопсуздугун жана азык-түлүк коопсуздугун коргоону камсыз кылуу.

Ошону менен бирге Токтом долбоорун төмөнкү кызыкдар мамлекеттик органдар: Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлиги, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети менен макулдашуу жүргүзүлдү. Жогоруда белгиленген бардык мамлекеттик органдар өз корутундуларын сын-пикирсиз жана сунуштарсыз берген.

Бирок Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги жана Экономика жана коммерция министрлиги өз корутундусунда төмөнкү бөлүктөр боюнча мындай сунуштарын берди:

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин сунушу:

1. Токтомдун долбоорунун 7-пунктунда бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирээри сунушталат.

Бирок белгилей кетүүчү нерсе, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28 жана 30-беренелерине ылайык расмий жарыялоо жана ченемдик актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү ченемдик укуктук актынын юридикалык күчүнө киришинин милдеттүү шарты болуп саналат.

Мында ченемдик укуктук актылар расмий жарыяланган күндөн тартып 7 жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилет.

Ушуга байланыштуу аталган бөлүктөгү “күчүнө кирет” деген сөздөрдөн кийин “7 жумушчу күн өткөндөн кийин” деген сөздөр менен толуктоону сунуштайбыз.

Токтомдун долбоорунун негиздеме-маалымкатында бул долбоор Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий сайттарында жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин порталында коомдук талкуулоо үчүн жайгаштырылаары көрсөтүлгөн.

“Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин талаптарына ылайык коомдук талкуулоонун жыйынтыгы боюнча жыйынтыктоочу маалымат ченемдик укуктук актынын долбооруна негиздеме-маалымкатта чагылдырылат.

Ушуга байланыштуу бул маалыматты токтомдун долбооруна негиздеме-маалымкатка киргизүүнү сунуштайбыз. - эске алынды.;

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин сунушу:

Ошону менен бирге, токтомдун долбоорунун 2-пунктун төмөнкүдөй редакцияда берүүнү сунуштайбыз:

“Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө Евразия экономикалык комиссиясына жана Дүйнөлүк Соода Уюмунун Катчылыгына белгиленген тартипте кабарласын”. - эске алынды.

Жыл сайын, жазгы талаа жумуштары жүрүп жаткан мезгилде, терс кырдаалды жана минералдык жер семирткичтердин стратегиялык резервин түзүү, өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун жогорку деңгээлде камсыздоо зарылдыгын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Евразия экономикалык бирдигинин бажы аймагынан тышкары Кыргыз Республикасынан минералдык жер семирткичтерди ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө» токтом долбоорун кароого киргизет.

**3. Мүмкүн болгон социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, жемкорлук кесепеттерди божомолдоо**

Белгиленген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин долбоорун кабыл алуу социалдык, гендердик, укуктук, экономикалык, экологиялык, укук коргоочулук жана корупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары тууралуу маалымат**

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" мыйзамынын 22-беренесинин талаптарына ылайык, аталган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескеме долбоору коомдук талкуулоо үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин расмий сайттарына жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин порталына жайгаштырылат.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келүүсүнө талдоо**

Улуттук жана эл аралык мыйзамдардын колдонуудагы ченемдерине жүргүзүлгөн талдоонун натыйжалары боюнча сунушталган мыйзам долбоорунун ченемдери Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерге карама-каршы келбейт деп белгиленген.

**6. Каржылоонун зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ушул токтом долбоорун кабыл алуу, республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарга алып келбейт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүү жөнүндө маалымат**

Сунушталган долбоор жөнгө салуучу аракеттерге талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт, анткени ишкердик ишти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Министр** **А.С. Джаныбеков**